**ЧҮЙ ОБЛУСУНУН**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА**
**ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА**
**ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз X (онунчу) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 05-сентябры №48/X-29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн транспорт салыгы боюнча жана айыл чарба багытындагы жер салыгы боюнча планын азайтууга макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 05-августундагы №03-13/1735 "Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн төмөнкү маселелерге макулдук берүү жөнүндө" катынын 1-бөлүмүн Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 08-январындагы №1 жарлыгынын негизинде **Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 08-январындагы №1 жарлыгын аткаруу максатында Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн **"Транспорт салыгы"** боюнча планын 1430,0 мин сомго жана **"Айыл чарба багытындагы жер салыгы"** боюнча планын 420,5 мин сомго жалпысынан 1850,5 мин сомго азайтууга жана чыгаша бөлүгүн "**Мектепке чейинки билим берүү"** бөлүмүнүн 3111 беренесинде 1445,0 мин сомго жана **"ЖКХ"** бөлүмүнүн 2215 беренесинде 405,5 мин сомго жалпысынан 1850,5 мин сомго азайтууга макулдук берилсин;
2. Жогорудагынын негизинде Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасына өзгөртүү киргизилсин;
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет жана каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**